# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨ ЖАНА ОШ АЙМАГЫНДА ИСЛАМ ДИНИНИН ЖАЙЫЛУУСУ

Докт., проф. Мустафа Эрдем*

Туркистан чөлкөмүн түрк элдери кылымдар бою байырлап келишкен. Ал эми чөлкөмдөгү Фергана өрөөнү калктын отурукташуусуна, жашоо-шартына эң ыңгайлуу жерлердин бири болуп эсептелет. Бирок, бул жердин демографиялык чектерин белгилөө кыйынчылык туудурат.

Окумуштуулар тоо, суу, талааларына жана маданий борборлоруна, географиялык структурасына карап Фергана өрөөнүнүн чектерин аныктоого аракеттенишкен. Тарыхый факторлор да бул аймактын чек араларына жана аталыштарына таасир эткен. Байыркы учурдагы Фергана өрөөнү “Сейхун” деп аталып, Сыр-Дарыянын башталышын жана жээктерин камтыган болсо, бүгүнкү географиялык изилдөөлөр Фергана өрөөнүнүн чектерин төмөнкүдөй белгилейт: Тянь-Шань тоолору менен Памир тоолорунун арасынан баштап, Сыр-Дарыянын жээктеринин сугаттуу жана кайраказы жерлеринин көпчүлүгү, Өзбекстан толугу менен, Кыргызстандын жана Тажикстандын көпчүлүк бөлүгүн камтыган, узундугу 3000 км ге, туурасы 70 км ге созулган, калк жыш отурукташкан аймак.[1] Бул аймактын түшүмдүү жерлери жана анын сууларынын молдугу кылымдар бою калктын жыш отурукташуусуна ыңгайлуу жер болуп келгендигин археологиялык жана антропологиялык изилдөөлөр да далилдейт.

2000-жылы Ош шаарынын 3000 жылдыгын белгилөө Фергана өрөөнүнүн байыртадан калк жыш отурукташкан маданий жайлардан болгондугун айгинелейт. Фергана өрөөнү жөнүндө алгачкы тарыхый материалдарды Кытай элчиси Чань-Киш (б.з.ч. 128-ж.) калтырган. Бул маалыматта жана Кытай булактарында Ферганаsuccessively “Та-Юан” деп аташкан. Ал эми “Фергана” деген ат V кылымдан кийин гана берилген. Кытайлыктар бул жерлерге темир, алтын, күмүш иштетүүнү, чыны жасоо өнөрчүлүгү, айнек жана жибек өндүрүшүн жайылтышып, жергиликтүү элден жүзүмчүлүктү, ат багууну, беде эгүүнү үйрөнүшкөн.[2] Чанмак, Кызыл-Дароит, Шарт, Чоң-Алай, Кийин-Таш, Миң-Төбө, Кетмен-Төбөнүн тегерегинде жана Хансалын аймактарындагы табылгалар

* ОшМУ, теология факультети

[1] Караңыз:W. Barthold, “Ferhana”, İslam Ansiklopedisi, İstanbul 1965, 4/55; W. Barthold, Mogol İstilasına kadar Türkistan, H. Hakkı Dursun Yıldız, İstanbul 1981, 201-217; Tahsın Yazıcı, “Fergana” T.D.V. İslam Ansklopedisi. İstanbul 1995, 12/375-377.

[2] Караңыз: W. Barthold, “Ferhana”, 1.A. 4/558; A. Zeki Velidi Togan, Umumi Türk Tarihi’ne Giriş, İstanbul 1981, 48.

Фергана каналдары бул аймактын б.з.ч. I кылымдын ортосунан бери отуруктaшуу борбору болгондугунун далили. Ошондуктан азыркы Памир жана Теңир-Тоо аралыгында жашаган калктардын маданиятында көптөгөн окшоштуктар бар.[3] Фергана өрөөнүндө алгач кандай элдер жашагандыгы белгисиз. Ахамен шахтарынан (парзийлер) кийин Македониялык Искендер жана андан кийинки келгендер Афганистандын түндүк тарабындагы Ирандын Бакитира уруусунун жашап турган жерлерин (Балх Чөйрөсү) борборлоштурган соң, түштүк Туркистандын борбору болгон Самарканды басып алышкан. Талас жана Чүй аймагында жашаган 22-23 түрк уруулары булардын башкаруучулугуна ыраазы болуп өз жерлеринде калгандыктары жөнүндө маалымдалган.[4]

Түрк урууларынын (огуз, өзбек, уйгур, кыргыз ж.б.) бул жерге кайсыл убакта келгендиги жөнүндө так маалымат жок.

Фергана Туркистан үчүн эң маанилүү өзгөчөлүккө ээ, анткени бул аймакка өтө таасирдүү болушкан Иран, Кытайга жана Батышка өтүүчү кербендер ушул жол аркылуу өтүшкөн. Ошондуктан Фергана аймагы саясий жагынан күчтүү өнүккөн.[5] Алгач түрктөр бул аймакка келишкенде этникалык түзүлүшү так билинбеген Согдиликтердин жашагандыгы айтылат. Бирок, бул маалымат анчалык так эмес. Ислам аскерлери Ферганага келгенде анын көпчүлүк аймагы түрктөрдүн башкаруусу астында болгон.[6] Түрктөрдүн бул аймактагы бийлиги канчалык зыянга учураса да, түрдүү башкаруучуларга туш келсе дагы ушул күнгө чейин жашап келүүдө.

Учурда Фергана өрөөнүндө IX кылымда Тянь-Шандан келген кыргыздар[7], аймактын көпчүлүгүн ээлеген өзбектер жана бир бөлүгүндө тажиктер жашашат.

Орустардын басып алуусуна байланыштуу жана советтик мезгилде отуруктaшкан орустарды, ошондой эле башка улуттарды эсепке албаганда аймакта жашагандардын көпчүлүгүн түрк элдери түзүшкөндүгү маалым.

Фергана өрөөнүнүн диний абалы

Диндин тарыхы адамзаттын тарыхы менен бирге башталат. Адамзат жашаган коомдо ар кандай убакытта жана мейкиндикте дин өз жашоосун улантып келген. Ошондуктан, тарыхта динсиз коомду учуратууга мүмкүн эмес. Фергана өрөөнүндө жашаган жергиликтүү калктар каалоосуна жараша ар кандай динди тутунат. Бул аймакта бир улуттун өкүлдөрүнүн башка динге ишенүүсү ар кандай улуттар тарабынан макул көрүлгөн. Ошол себептен Фергана аймагы коомдук түзүлүшкө караганда биримдүү боло алышпагандай эле, диний жактан да биримдиги жок болгон. Бул өрөөн ушундай экономикалык жана саясий абалынын натыйжасында алгач түрктөрдүн, кийин коңшу улуттардын, мамлекеттердин басып алуусуна дуушар болгон. Ошондуктан жаңы көчүп келгендер өз маданиятын жана диний ишенимдерин ушул аймакта жайышкан жана сактап калышкан.

Бул аймакта Зороастризм жана Буддизмден башка диндер бир мамлекеттин официалдуу дини боло албады жана аймактагы өкүмчүлүк кылган мамлекеттер тарабынан да колдоого алынбады. Мунун натыйжасында

[3] Караңыз: Ögel, 42.
[4] Караңыз: Togan, 45.
[5] Караңыз: Ögel, 79.
[6] Караңыз: Zekeriya Kitapçı, Türkistanda İslamiyet ve Türkler, Konya 1988, 57.
[7] Караңыз: Togan, 143.

Туркистандын бул аймагы, бардык дүйнөлүк диндерден, маданияттардан таасирленген. Ошентип ар бир доордо бул жер миссионерлердин борбору болгон[8]. Тарыхта Ферганага жайылган диндер:

а) Арий диндери: Эски Индияда жана Иранда негизделген Туркистан жана Азиянын башка аймактарына жайылган. Индуизм, Зороастризм, Буддизм, Манихеизм, Мездекизм ж.б. кирет.

б) Сами диндери: Чыгыш Азия, Орто Чыгыш жана Арабстанда пайда болгон. Дүйнөнүн башка жерлерине жана өзгөчө Туркистанда жайылган диндер Эврей дини, Христиан дини жана Ислам дини.

в) Жергиликтүү диндер: Көпчүлүгү түрктөргө таандык, дин катары эл арасына таралган жана түрктөр тарабынан узак жылдар бою жашаган традициялык Тур дини менен Конфусизм[9].

Жогорку аталган диндердин кайсынысынын Фергана өрөөнүнө биринчи жолу жайылгандыгы тастыкталган эмес. Тарыхый булактардын берген маалыматына караганда геологиялык жана саясий жактан Ирандын ушул жерге тийгизген таасири зор болгондугу белгилүү. Зеки Велиди Тоган Хунн мамлекетинин учурунда пайда болгон коопсуздуктун натыйжасында соода-сатык үчүн келген. Индиялык соодагерлердин аракети менен Буддизмдин белгилүү өлчөмдө бул жерде жайылгандыгы жөнүндө маалымат берүүдө. Ал, Шаманизм менен Буддизм диндерин байланыштырып ушундай жыйынтыкка келген: “Буддизм чындыгында Орто Азияда Шаманизм дининин таасирлерине байланыштуу таралган дин. Шаман сөзү да “дин кызматкери” деген мааниде Санкритче (Индия) “крамна” сөзүнүн полиформасындагы шамандан келип ушул “кан” дининин аты болгон[10]. Ушул пикир туура деп тастыкталса Хуннулардын арасында кеңири таркалган “Традициялык Түрк дининин Буддизмден мурда Туркистандын бул аймактарында жайылгандыгы билинүүдө. Зекерийе Китепчи да Буддизмдин Индия жибек жолу аркылуу келгендиги, Афганистан жана Иран багыттарынан жайылгандыгын, б.з. I-II кылымдарда Кушандар мезгилинде Бухарадан тартып Туркистандын батышына чейин жеткендигин, I Каныша тарабынан Бухара жана Белх шаарларына, андан кийин Самаркандда бир-бирден чоң сыйынуу үйлөрү салынгандыгын айтышат[11].

Зороастризм дининин Фергана өрөөнүнө биринчи жолу жайылуусу көбүнчө Сасаний империясынын доорунда болгон. Айрым маалыматтар Сасанийлердин официалдуу дини болгон Зороастризм, миссионерлер тарабынан чыгыш багытына жайылгандыгын кабарлайт. Бул диндин жайылыш тарыхы жөнүндө так маалымат жок болсо дагы Сасаний мамлекетинин башчысы Африндун доорунда жайылгандыгы жана Бухарада бир “от үйү” (сыйынуу үйү) курулгандыгы айтылат[12]. Ошондой эле З. Китапчы, Буддизмдин Туркистанда Зороастризмден кийин келгендигин белгилеген. Будддизмдин бул аймакка биринчи келиши тууралуу төмөндөгүлөрдү белгилейт: Буддизм Түштүк Туркистанга жайылуу учурунда официалдуу дин болгон Зороастризмдин тосколдугуна учурады[13]. Бул арада көп жылдардан бери Буддист эстеликтеринин соода-сатык борбору “Мах-и Риздин” кийинчерээк “От үйү”, башкача айтканда,

---

[8] Караңыз: Kitapçı, 74.
[9] Караңыз: Kitapçı, 58.
[10] Караңыз: Togan, 47.
[11] Караңыз: Kitapçı, 61-62.
[12] Караңыз: Kitapçı, 60.
[13] Караңыз: Kitapçı, 63.

Мажусий сыйынуу үйүнө айлангандыгы жөнүндө бизге так далил берүүдө[14]. Ушул тарыхый окуялар Зороастризмден Буддизмдин зыянга учурашынан кийин бул жерлерге келгендигин далилдейт. Ошондуктан бул аймакта кайсыл диндердин биринчи келгендиги жөнүндө талаш-тартыштар улантылууда. Туркистандын түштүк аймагында Христиан, Настури агымынын жолдоочулары менен Манихеисттердин жашагандыгы айкын. Христиандар Мусул, Ирак жана Иран жолдору аркылуу Фергана өрөөнүнө чейин келишкен. Византия империясына каршы дайыма Ирандыктардан жардам алган христиандар бул аймактагы буддисттер менен зороастриттердин талаш-тартыштарынан далдаланып кыска мөөнөттө чоң ийгиликтерге жетишишкен жана Самарканд шаарын иш аракеттердин борборуна айлантышкан. Бул аймакта жолдоочуларынын санын көбөйткөн христиандар Таласка чейин жайылып, кийинчерээк Кашкарды иш аракеттеринин борборуна айлантышкан. Иранда негизделген жана соодагерлердин динине айланган Манихеизм III кылымдын башында анын негиздөөчүсүнүн өлтүрүлүшүнөн кийин жолдоочулары зордук-зомбулуктарынын натыйжасында Самаркандга качышып, иш аракеттерин улантышкан. Манихеизм бир убактарда Сыр-Дарыя менен Чүй өрөөнүнүн ортосунда жалгыз дин болуп, Ислам дининин бул жерге жайылышынан кийин чыгышка багыт алып уйгурлардын дини катары жашаган[15].

Жогоруда айтылгандай эле, Туркистандын, өзгөчө Фергана өрөөнү Ислам дини менен таанышканга чейин, алгач Зороастризм, Буддизм, Христиан, Манихеизм жана алгачкы коммунисттер деп таанылган Таздеизмге да мекен болгон. Мунун бир канча себептери бар. Алардын мындайча болушу мүмкүн:

1. Бул аймакта түрктөрдүн кол башчылыгына дейре саясий вакум өкүм сүргөн.
2. Түрк калктары Исламга чейин эч кандай дүйнөлүк диндерди кабылдап жашашкан эмес. Ошондой эле бардык диндерге жана жолдоочуларына карата урмат сый көрсөтүшкөн.
3. Византия жана Ирандагы саясий, диний урууштардан качып келгендер өздөрү менен диний көз караштарын алып келишкен.
4. Кытайдын саясий баскынчылыгынын натыйжасында Чыгыш диндеринин бул аймакка кирүүсүнө мүмкүнчүлүк берилген.
5. Бул аймактын геополитикалык жана географиялык абалы. Кылымдар бою Улуу-Жибек жолу кербендер тарабынан эң көп колдонулушу аябай түшүмдүү жерлерге жана улуу тоолорго ээ болгон аймак экендигине ошондой эле тарыхтын ар бир доорунда түрдүү улуттардын жана диндердин улантуучулары өздөрүнүн диндерин, маданиятын алып келишкендиги.
6. Исламдын Туркистан жана Фергана өрөөнүнө кирүүсүнөн мурда бул аймактагы жашоонун негизги өзгөчөлүгү, Ирандагы жер ээсинин аристократтардын үстөмдүгүнө каршы коомдук мыйзамдуулукту коргогон бир саясий башкаруу менен диндин байланышы б.а. кубаттуу бир монархиялык күч менен дин кызматчыларын басмырлоочу таасири жок болгон эле. Жергиликтүү башкаруучулар феодалдардан болгон. Алардын жолдоочулары да дыйкан деп аталат. Тагыраак айтканда мамлекет тарабынан кабыл алынган расмий дин жок болгон. Ирандагыдай эле Туркистанда дагы Зороастризм менен бирге Иранда куугунтукка алынган Дуалист-Межусиликтин жолдоочуларынын да бул жерде ишенүүчүлөрү болушкан. Буддисттер жана Настури-Христиандар жогорудагыдай эле эркиндиктен пайдаланышкандары бизге маалым. Тарых

[14] Караңыз: Kitapçı, 60.
[15] Караңыз: Kitapçı, 67-70.

боюнча Зороастризм менен Буддизмдин ортосунда эч кандай маанилүү талаш-тартыш болгон эмес. Араптардын жортуулу учурунда бул аймактагы дин кызматчыларынын аларга каршы урушка катышкандыктары жөнүндө так маалыматтар бизге жетпеген[16].

Натыйжада бул аймакта коом менен диндердин ортосунда уруштар болсо дагы, алардын эч кимисинин жеңиши менен жыйынтыкталган эмес. Самарканд жана Бухара шаарлары анын көрүнүктүү үлгүсү. Кээ-кээде кээ бир диний ишенимдер үстөмдүккө ээ болсо да, Ислам дининдей ийгиликке жетишкен эмес.

## Түрктөрдүн Фергана өрөөнүнө отурукташуусу

Түрк элдери адамзат тарыхында таанылган өзгөчө орунда турган эң байыркы коомдордун бири. Түрктөрдүн Ата Мекени Орто Азиянын чек аралары батышынан Арал көлү, чыгышынан Орхон жана Тула дарыялары, түндүк тарабы Лена дарыясынын куймалары, Иртыштын бойлору жана Орто Енисей аймагы, түштүк жагы Талас, Сыр-Дарыя бойлоруна чейинки аймакты камтыйт же болбосо анын чек араларын Арал көлү, Алтай жана Теңир тоолорунун ортосу жана Балкаш көлүн камтыган чоң үч бурчтук түрүндө да кароого болот[17]. Алар тарыхый маалыматтарда саны жагынан көп жана күчтүү болушкан. Түрктөр жашаган аймактардагы алкактардын түрдүүлүгү алардын социалдык-экономикалык жана маданий турмуштарында маанилүү роль ойноп, өзгөчө түрк тарыхынын алгачкы доорунда же болбосо кээ бир учурларда Азиянын боз кырларында көчмөн турмушта жашашкан. Боз кыр алкагынын эски түрк жашоосуна, ой-жүгүртүүсүнө, ишенимине, дүйнөгө болгон көз караштарына жана каада-салттарына, маданиятына ара тараптуу терең таасирлерди тийгизгендигин кабыл алуу керек. Алар тарыхта кеңири географиялык аймакта жашагандыгы турмуш шартында өтө активдүү роль ойноп, аларды түрдүү маданияттар, башкача айтканда, Кытай, Индия, Жер Ортолук деңиз, Европа маданияты сыяктуу дүйнөлүк маданияттардан да таасирленген. Түрктөр ар түрдүү себептерден улам, биринчи этапта, батыш тарабы Европанын жарымына жана чыгыштан Индияга чейин аймакка жетип, дүйнөнүн түрдүү жерлерине жайылышкан. Түрк доорунун активделип, гүлдөп турган мезгилинде уламдан улам жер которбоо максатында Фергана өрөөнүнө келип отурукташкан.

Түрктөрдүн Фергана өрөөнүнө качан жана кантип келип отурукташкандыгы жөнүндө бир аз ачык-айкын маалымат бар. Бул аймакты жана түрк тарыхын изилдөөлөрдүн натыйжасында байыркы учурлардан бери бул жерлер түрктөрдүн мекени болгондугу маалымдалууда. Исламдын бул аймакка карата жүрүштөрүнүн натыйжасында Фергана аймагы дагы башка көпчүлүк жерлерде болгондой эле түрк падышаларынын үй-бүлөлөрүнүн кол астына өттү. Айрым булактарда "Арслан Тарккан" деп аталган өкүмдардын болгондугу тууралуу маалымат бар[18].

Ыйык китеби жана системалашкан диний ишеничи болбогон түрктөр кайсыл жерлерге барбасын өзүнүн диний, улуттук, маданий байлыктарын алып жүрүү менен бирге ал жердеги диндерден жана маданияттардан да таасирленишкен. Бирок бул таасирленүү салт сыяктуу ишеничке айланган. Үрп-

[16] Караңыз: Barthold, Türkistan, 233-234.

[17] Караңыз: Osman Turan, Türk Hakimiyeti Mefkuresi Tarihi, İstanbul 1979, 1/70-71; Ühver Günay-Harun Güngör, Başlangıçtan Türklerin Dini Tarihi, Ankara 1997, 18.

[18] Караңыз: Kitapçı, 164.

адат, каада-салттарына чын ыклас менен ишенген түрк коомдору өз ара жергиликтүү, жекече жана обьективдүү түрдө болуп, андан сырткары чыга алган эмес. Ал эми башка дүйнөлүк диндердин жана маданияттардын түрк калктарынын арасында аз да болсо кабылданышынын себеби, жакшы жана толеранттуу мамиленин натыйжасында экендигин айтсак жаңылышпайбыз.

## Исламдын Фергана өрөөнүндө жайылуусу жана Түрктөрдүн мусулманчылыкты кабылдоосу

VII кылымдын баштарында Мекке шаарында пайда болгон Ислам дини ошол эле кылымдын орто чендеринде ал доордогу эң күчтүү императорлуктун бири Византияны жеңип, аларды Анадолунун батыш тарабына сүрүп салышкан. Ошондой эле Сасаний империясын да басып алышкан. Түрктөрдүн мусулман араптар менен алгачкы карым-катнашы Аз. Пайгамбардан кийинки III Халифат Аз. Осмондун доорунда башталган. 642-жылы Ахмед бин Кайстын башчылыгы менен келген араб аскерлери Амур дарыясына чейин келишкен. Мухаммед бин Жерир (643-655) аттуу араб кол башчысы жана сахаба урпактарынан түзүлгөн дээрлик 2700 кишиден турган армия Амур дарыясын кечип өтүп, ислам дини менен тааныштыгы болбогон түрктөргө каршы жихадка бет алган. Арап аскерлери Фергана өрөөнүнө келгенде бул жерде түрктөрдүн аскерлери менен беттешүүсүнүн натыйжасында алгач кол башчы Мухаммед бин Жерир менен бирге сахаба жана анын урпактарынан турган аскерлердин дээрлик көпчүлүгү шейит болушкан. Ошол учурдагы алардын бейиттери Фергана өрөөнүндөгү Кассан аймагында жайланышкан[19]. Бул алгачкы ийгиликсиз жана трагедиялуу согуштан кийин, классикалык булактардын маалыматтарына караганда, баары 24000 ге жакын мусулман араб аскерлери, Убайдуллах бин Зиядын жетекчилигинде 673-жылы Амур дарыясынан бери карай жолго чыгышкан. Кийинчерээк аны Аз. Осмондун уулу Сайиддин армиясынын 674-жылдагы Самарканд шаарына карай жасаган жортуулу улантты. Бул жортуулдун негизги себеби мал-мүлк топтоо максатында айтылса да, ал учурдагы ар кандай себептердин натыйжасында түрктөрдүн исламды кабыл алгандыгы маалымдалууда[20]. Өзгөчө согушта колго түшкөн түрк аскерлери мусулман аймактарга отурукташтырылган жана кийинчерээк бул жамаат “Мевали”[21] деп аталган түрктөрдүн мамлекет катары исламды кабылдоосунун алгачкы мезгилинде жана мусулман калктарын араптар бийлеп турган учурларда түрктөр өзгөчө өтө маанилүү кызматтарды жасаган. Алар ар кандай аскердик иштерде өзгөчө мааниге ээ болушса да, ич ара кээ бир зыяндарга учурады.

Чоң шаарлардын дайыма оппозициянын борбору болуусунун натыйжасында Халифаттар өз коопсуздугун коргоодо коркунучтарга дуушар болгон. Алар алгач өз коопсуздугун коргоо үчүн Түрк туткундарынан коргоочу аскердик топторду түзгөн[22]. Балким Умеййе Халифаттарынан Муавийе доорунда курулган жана түрктөрдөн түзүлгөн жеке орду коргоочулары өзгөчө Фергана жаштарынан тургандыгы кызыктуу Халифатка моюн сунган түрк тилдүү аскерлер Кудус шаарында Харис аттуу жалганчы пайгамбардын баш көтөрүүсүнө каршы согушта ийгиликке жетишкендиктери үчүн халифа Абдулмелик бин

---

[19] Караңыз: Kitapçı, 163-164.
[20] Караңыз: Kitapçı, 79.
[21] Караңыз: Kitapçı, 98.
[22] Караңыз: Lazsio Rasonyi, Tarihte Türklük, Ankara 1988, 159.

Мервандын ыраазычылыгын алышкан[23]. Түрктөрдүн өз Ата мекендеринен айрылуусу жана мусулман аймактарга отурукташтырылышы, мурдагы ишенимдерин таштап татыктуу ислам тарбиясы менен тарбиялангандыгы, алардан белгилүү аалымдардын, философтордун жана мамлекет башчыларынын чыгуусуна себеп болгон. Өзгөчө бул көрүнүш түрктөрүдүн көп санда мусулманчылыкты кабылдашкандыктарын белгилөөдө.

Ислам дининин Фергана өрөөнүнө жайылуусу VIII кылымдын баш чендеринде башталган. Андан мурдагы араб аскерлеринин жортуулдары так ийгиликтерди жарата алган эмес. Алардын бул ийгиликке жетише албоосунун себеби, бул аймактагы коомдун ислам динине жана анын башкаруучуларына каршы көңүлсүздүгү менен бирге, ислам динин башкаруучу таптын да кыйыр мамиле кылуусу терс көрүнүштөрдү туудурган. Кушан империясы кулагандан кийин бул аймакта чоочун башкаруучулардын таасири болбой калган.

Андыктан Сасанийлердин да Туркистан чөлкөмүндө дайыма саясий башкарууну кол астына алгандыктары маалымдалбайт. Арап башкаруучулары алгачкы жылдарда Туркистанга жортуул жасап кыш күндөрүндө Хорасан аймагында аскердик ордолордо кышташкан. Амур дарыясынын берки тарабынан биринчилерден болуп 681-683-жылдары кыштаган кол башчы Селим бин Зияд болгон[24]. Негизинен, батыш Туркистан аймагынын араптар тарабынан басып алынуусу Кутебе бин Муслим аттуу адамдын акылман жетекчилигинин натыйжасында 704-711 же 705-715-жылдары ишке ашырылган. Ал жергиликтүү башкаруучулардын ич ара келишпестиктеринен пайдаланып, 706-жылы Байкентти, 707-жылы Бухараны, кийинчерээк Талакан, Кеш жана Насаф шаарларын басып алган. 12-жылы Самаркандга жасаган жортуулунда Бухаралыктар жана Хорезмдиктер Кутейбеге көп жардамдарын беришкен. Ошондой эле Согуттук Ихшиди Турек өз душманы Кутейбени тууган-туушкандарынын же жергиликтүүлөрдүн жардамы менен жеңишке жетишти деп, аны күнөөлөгөн. Кутейбе 713-жылкы жортуулга чыгарында Бухара, Кеш, Хорезм жана Насаф калкы ага 20000 кишиден турган аскер беришкен.[25] Алар 713-жылы Култегинди чегинүүгө мажбур кылганда, Түргөштөр баатырларча коргонушуп Кутейбенин аскерлерин токтотушкан. Бирок түргөш каганатын кийин кытайлыктар кулатышкан[26]. Ошол этапта мамлекет башына Сулайман бин Абдумаликтин келгенин билген Кутейбе таң калуу менен терең ойго баткан. Натыйжада жаңы Халипат менен келише албастыгын баамдап, ага каршы баш көтөрүүнү пландады да, аскер башчыларын Фергана мечитине жыйып өз максаттарын баяндайт. Алардын Кутайбага жардам берүүдөн баш тартуусунун натыйжасында аскерлер жеңилип өзү да шейит болгон[27].

Кутейбанын башка жетекчилерден айырмачылыгы Арап үстөмдүгүн чоң шаарларга орнотуусу, Туркистанда Исламдын жайылуусу, Ислам дининин туусун жогору баалоосу жана коомдун исламий адеп-ахлак менен тарбиялануусун жогору туткандыгы. Ал ойлогон максаты тууралуу окуган хутбасында мындай дейт: " Алла өз дининин улуулугун жогорулатуу үчүн сиздерге бул топурактарды адал кылган". Өзүнүн саясий идеясын иш жүзүнө ашыруу үчүн динди үгүттөө жана ушул аймактагы тургундарды мусулмандаштырууну пландап негизги

---

[23] Караңыз: Kitapçı, 164.
[24] Караңыз: Barthold, Türkistan, 237.
[25] Караңыз: Barthold, Türkistan, 238; Kitapçı, 79-80.
[26] Караңыз: Rasonyi, 159.
[27] Караңыз: Barthold, Türkistan, 240; Kitapçı, 165.

аракеттерин жасагандыгы байкалууда. Демек, анын биринчи максаты дин аркылуу саясий биримдикти коргоо. Кээ бир булактардын маалыматына караганда Кутеба басып алган шаарларда  ислам ишенимине терс таасирин тийгизген буттарды жыйнатып, өрттөттүргөн жана сыйынуу үйлөрүн кулаткан. Ал жогорудагыдай иш аракети аркылуу буттардын адамга эч кандай пайдасы болбогондугун жана эң туура жол ислам дини экендигин түшүндүрүүнү каалаган. Анын жасаган иш аракеттери төмөндөгүчө:

1- Согуштан кийин өз карамагына өткөн шаарларда мечиттерди салдыруусу.

2- Чоң шаарларга жана соода борборлоруна көп сандагы Араптарды жайгаштыруусу.

3- Диний жоболордун аткарылуусунда кээ бир мүмкүнчүлүктөрдү жаратуусу (фарс тилинде ибадат кылуу).

4- Намаз окуу үчүн мечитке келгендерге материалдык жардам берүүсү.

5- Кээ бир аймактарда мусулман араптарды жергиликтүү калктын үйлөрүнө жайгаштыруусу.

6- Мусулмандардан жетекчилерди дайындоосу[28].

Кутейбанын өлүмүнөн кийин анын ордуна келген жол башчылар анчалык деңгээлде ийгиликтерге жетише алган эмес. Кээ бирөөлөрүнүн дүнүйө-мүлккө кызыгуусу, бул аймактагы калктын алардан көңүлү калышына жана кийинчерээк калктын баш көтөрүүлөрүнө алып келди. Мамлекеттин казынасын толтуруу максаты диндин жайылуусуна кээ бир учурларда тоскоолдук кылган. Анткени калктан түрдүү салыктардын алынышы, исламдын бат жайылышына терс таасирин тийгизген жана араптардын Сыр-Дарыя жээктериндеги шаарлардан кол жууга мажбурлады.

Умеййе доорунун эң сүүйүктүү халифаттарынын бири болгон Омер бин Абдулазиз (717-720) мусулмандардан салык алууга тыюу салып, аларды олтурууга мажбурлаган эмес. Мындан кийин жергиликтүү калктын мусулман араптарга болгон сүйүүсү артса да, бул аймакты башкарган жетекчилер калктын сүйүүсүнө татыктуу боло албаган[29].

Батыш Туркистандын исламдаштырылуусунда биринчи жолу үгүт жыйынын түзгөн Эмирас бин Абдиллах Эс-Сулеми (727) болгон[30]. Ал мамлекетти өз калоосу менен коргогон эр жүрөк баатырлар үчүн Фергана өрөөнүндө биринчи жолу аскердик имараттарды курдуруучу наамы менен таанылган[31].

Араптардын Фергана өрөөнүндөгү экинчи жолку саясий тажрыйбалуу жетекчи Насыр бин Саййардан (738-748) убагында болгон. Ал батыш түрк мамлекетинин кулашынан пайдаланып, арап кол башчылыгынын Сыр-Дарыя жээктеринде таасирин күчөткөн жана 759-жылы Ушру-Сана, Саш, Фергана өкүмдарлары менен келишим түзгөн. Ал бул иш аракеттери менен Кутайбаны эске салган. Кол астындагы аймактарда кээ бир коопсуздук проблемалары болсо да Насырдын башкаруу доорунда Туркистанда болуп көрбөгөндөй бейпилдик натыйжасында өз күчүн жоготкон Насыр кийин 749-жылы Иранга качууга аргасыз болуп, ошол жерде өлгөн[32].

---

[28] Караңыз: Kitapçı, 101-104.

[29] Караңыз: Barthold, Türkistan, 241-245.

[30] Караңыз: Kitapçı, 220-221.

[31] Караңыз: Kitapçı, 227.

[32] Караңыз: Barthold, Türkistan, 247-250.

Эбу Муслим Элєвий урпактарына душман болгон бардык адамдарды өз тарабына тартып алууга жетишкен. Андан кийин ал Араб жана Иран улуттук аркеттерине каршы күрөшүүнү баштап, ошол аймактарда ички тартипти орноткон. Анын заманында Туркистанда ич ара чатышуулардын чыгышына өтө көп коркунуч туудурган Батыш Түрк каганатынын кулашы жана анын ордуна күчтүү бир мамлекеттин түзүлбөгөндүгүнөн пайдаланган Кытай калкы Туркистан аймагын өзүнө каратуу үчүн бир топ иш аракеттерди жасаган. Туркистанды басып алуу үчүн бет алган Кытай аскерлерине каршы Зияд б. Салихтин жетекчилиги астындагы мусулман аскерлери Карлуктардын жардамы аркылуу 751-жылдын июль айында жеңишке жетишкен. Бул согуш Туркистан тарыхында аябай зор мааниге ээ. Анткени, Ислам жана Кытай маданияттарынын кайсынысынын Туркистанда өкүм сүрө тургандыгы чечилген. Памир аймагы жана Тянь-Шань тоолоруна чейинки жерлер арабдардын кол астына өткөн жана анын калкы да мусулманчылыкты кабылдашкан. Ошнетип Эбу Муслим ички жана тышкы душмандарына каршы чоң ийгиликтерге жетишкен. Кантсе да анын ийгиликтери Аббасий халифатын коркуткан, Натыйжада амал менен халифаттын ордосуна чакырылып, ал жерде 755-жылы өлтүрүлгөн[33].

Туркистан Полос согушунан кийин I кылымга жакын Хорасан жетекчилери тарабынан башкарылган. Түрктөр, көк түрктөр мамлекетинен кийинки дээрлик II кылымда өздөрүнүн башчылары (көк түрк мамлекет башчылары) тарабынан жарым автономиялуу түрдө мамлекет катары жашоосун улантып келген.

Араптардын эмирлиги учурунда жергиликтүү калк арасынан чыккан Саманийлер (874-899) ички иштерде эркин, тышкы иштерде Аббасий халифатына караштуу мамлекет катары таанылган. Саманийлердин, Түрк жана Белх шаарларына отуруктaшкан Ирандык урууларлдан болгондугу тууралуу түрдүү көз-караштар айтылууда. Бирок, Саманийлердин калкы жана аскерлеринин көпчүлүгүнүн түрктөрдөн тургандыгы белгилүү. Саманийлер доорунда Туркистан аймагында түрктөрдүн саясий үстөмдүгү жогорулаган жана кийинчерээк Түрк мусулман мамлекетине айланган. Натыйжада Түрк Мусулман мамлекети Караханийлер тарабынан кулатылган[34].

Туркистанда алгачкы Мусулман мамлекети катары караханийлер болгондугу маалым. Бул Караханийлер уруусуна "илек" наамы берилгендиктен "Илек хандар" деп аталган. Түрк элдеринин арасында бат жайылган ислам, ар кандай таптагы адамга таасирин тийгизген. Бул учурдагы маалыматтарга караганда Сатык Буура хандын тушунда көктөн түшкөн адамдын ага; "мусулман бол, дүйнөдө жана акыретте бактылуу бол"- деген сөзү аркылуу ислам динин кабыл алып, ага "Абдулкерим" аты берилген. Евразия элдеринен келгендиктен Сатык Буура хан 25 жашында абасынан жашыруун мусулман болду, Фергана баатырлары менен биригип, калкты Атбашыда, кийинчерээк Кашкар шаарларын кол астына алып жергиликтүү калкты исламдаштырган. Сатык Бугра хандын сөөгү 955-жылы Кашкардын тегерегиндеги Артучка коюлган[35].

Караханийлер доору Ислам дининин түрк калктарына таралган өзгөчө доору болуп эсептелет. Ал доордо кол башчылардын Көк-Теңир тарабынан дайындалгандыгына ишенген түрк калктары, алардын мусулман болуусунан

---

[33] Караңыз: Barthold, Türkistan, 250-253; Rasonyi, 158-159.

[34] Караңыз: Togan, 55-56.

[35] Караңыз: Turan, 240.

улам калкта мусулманчылыкты кабылдаган[36]. Натыйжада 960-жылы 200000 үйлүү калк мусулман болгондугу айрым булактарда айтылат. Караханийлер доорундагы согуштардын себеби, исламды жайуу максатында болгон[37] Ошентип бул учурдагы катуу согуштар уйгурлар менен болгон. Уйгур калктары бөтөн диндерге наараазы болуп Кытайды Исламдан абдан таасирленген, бирок сүннөткө отургузууга наараазы болуп Кытайды көздөй качышкан[38].

Караханийлер доору исламдын бардык уюмдары жана жоболору менен жайылган мамлекеттин официалдуу дини катары алынган доор болуп эсептелет. Мамлекет башчылары ислам маданиятын өнүктүрүү үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү жараткан. Фергана өрөөнү саясий жана экономикалык жактан гана эмес илимий жактан да борбор болгон. Баласагындык Жусуп хас Хажип, белгилүү чыгармасы “Кутту Билим”ди ушул доордо жазган жана Харун Бугра ханга 1069-жылы арнаган . Ошондой эле “Диван-у-Лугатути-ат-Түрк” чыгармасын жараткан Кашкардык Махмут ушул чөйрөдө өсүп жетилген. Караханий уруусунан Мухаммед бин Юсуф (1210) ислам динин Ыссык-Көл аймагынан таркаткан жана отурукташуусуна чоң салымын кошкон[39].

Түрктөр жана Ислам

Жогоруда токтолгондой эле, Түрктөрдүн Ислам дини менен таанышуусу хижранын I кылымынын орто чендеринде башталган. Мусулман арaптар Ислам динин жайылтууда жана басып алышкан жерлердеги мал-мүлк менен өздөрүнүн экономикалык деңгээлин жогорулатуу үчүн жана Аз. Пайгамбарыбыздын “илимди Кытайдан да болсо алыңыз” деген буйругунун негизинде чыгышка көздөй багыт алышкан.

Мусулман арaптардын чыгышка карай бет алуусуна эң чоң тоскоолдук кылган мамлекет Иран мамлекети эле. Мусулмандар Аз. Омер доорунда күтүлгөн зордуктан дагы жеңил жол менен тоскоолдуктардан өтүшкөн жана түрктөргө коңшу отурукташкан. Бул замандарда түрдүү дин жана маданияттардын таасири астында болушкан. Калк арасында ар кандай үрп-адаттарга таянган жоболор жана эрежелер сакталса да түрктөрдүн арасында маданий жактан биримдиги болбогон. Буддизм, манихеизм, христиан, зороастризм жана иудаизм диндерин туткан феодалдар түрк улуттарын маданият чөйрөсүндө кубаттуу бир мамлекеттин түзүлүшүнө тоскоолдуктар болуп турган[40].

Кантсе да, мамлекет башчылары коомдун жол башчысы катарында каралып, калк арасында аталык акыларын колдонуу жоопкерчилигине ээ болгон[41]. Башкача айтканда эски түрк диний ишенимдеринин натыйжасында бийлик Теңир тарабынан мамлекет башчыларына ыйгарылгандыгына ишенүү. (Билге каган жаздырган жыйнактарда: “Теңирдин каалоосу менен каган болдум”) орун алган. Ошол сыяктуу түрк улутунун аты, саны жок болушу үчүн: “Атам каган менен энем ханышага бийилк берген Теңир аларды такка отургузган”-сөзү да Кагандын Теңирдин каалоосу менен дайындалгандыгы

---

[36] Караңыз: Günay Güngör, 57.
[37] Караңыз: Turan, 239-244.
[38] Караңыз: Togan, 144.
[39] Караңыз: Rasonyi, 161-162.
[40] Караңыз: Рецаш. 80.
[41] Караңыз: Turan, 1/80.

жөнүндөгү ишенимге ачык-айкын белгилүү. Ушул ишеним боюнча Каган Теңирдин окулу жана элчиси болгон. Осмон мамлекетинин доорунда мамлекеттин башкаруу системасына таасир берген жана халипалар, аалам да Теңирдин көлөкөсү (Зуллуллах фил аалам) деген ат менен таанылган[42]. Караханийлер доорунда мамлекет башчысы Сатук Бугра хандын ислам динине кириши трктөрдүн тобу менен исламдашуусунун эң негизги себеби болуп эсептелет[43].

Түрктөр жана жергиликтүү согдалар алгач исламды кабылдаган эмес. Анткени, алар арап мамалекетинин жана ислам дининин (100) 718-жылы кулашына ишенип келишкен. Самаркандык түрк өкүмдары Куректин Кытай императоруна жазган катында алардын мындай ой-тилектеринин туура эмес экендигине, арап өкүмдарлыгынын күчтүү негиздерге таянгандыгы жана арап мамлекетинин башчылыгында чыгыш менен соода байланыштарынын жеңилдөөсүн баамдаган түрктөр бул мамлекетке жана ислам динине сый-урмат көрсөтө баштагандыгы маалымдалат[44]. Түрк аристократтары Исламды кабыл алып мусулман арап мамлекетинин кызматына кирген жанан аскерлердин катарынан орун алган. Алар өздөрү менен бирге жакындарынын да мусулманчылыкты кабыл алышында эң негизги ролду ойноду[45].

Уруу-уруу болуп жашаган араптардын ичинен чыккан ислам дининин аскердик дин болуусу менен катар ишеним, ибадат жана адеп-ахлак принциптери менен башка диндерге салыштырмалуу түрктөр бул динге материалдык максатта араптарга кошулган, бирок мал-мүлк топто үчүн казаттарга катышкан эмес. Түрдүү диний ишенимдерден тажрыйба алган түрктөр 2 жылдан ашык мезгил ичинде таанышкан Ислам дининен 100 жылдар бою аны изилдөө мүмкүнчүлүктөрүн тапкан[46]. Түрктөрдүн ислам динине кирүүсүндө түрдүү ислам агымдарынын өкүлдөрү өздөрүнө жолдоочуларынын санын арттыруу үчүн күчтүү таасирлери болгон. Ага кошумча Исламдын түрктөр арасында жайылуусунда жана ийгиликтерге жетишүүсүндө анын дүйнөлүк дин катарында ортого койгон бир канча артыкчылыктары менен катар замандаш мамлекеттерге салыштырмалуу өтө кубаттуу бир империянын расмий дини болушу жана Азиянын эң көп сандагы түрк улуту тарабынан чын ыклас менен исламды кабылдашынын чындыгы бар[47]. Исламдын бул аймакта түрктөр арасындажайылуусунунбашка себеи бул жерлерде сахабалардын жана ларадын муундарынан шейит болуулары. Мисалы: Аз. Үсөндүн небереси Мухаммед Бакырдын бир тууганы Абдуллахтын мүрзөсү Кокондо, Орто Азиянын исламдаштырган Кутейба бин Муслимдин мүрзөсү болсо Андижан тегерегиндеги "Аскер башчылары Рабаты"- деген жерде. (Бүгүнкү аты Андижанга жакын болгон "Ала-Мышык айылында Кутейба бин Муслимге таандык болгон"күмбөзү бар). ошондой эле Жалал-Абаддагы Кцуранда аты аталган Аййуб Пайгамбардын мансабы (айрым маалыматтарда мүрзөсүнүн Бухарада болгондугу айтылууда) сыяктуу жерлер ар дайым мусулмандардын зыярат кылышкан жерлери болууда[48]. Самарканддагы Кусам бин Абдуллахтын

[42] Караңыз: Günay-Güngör, 38.
[43] Караңыз: Kamuran Gürün, Türkler ve Türk Devletleri Tarihi, Ankara 1981, 1/263.
[44] Караңыз: Togan, 75.
[45] Караңыз: Togan, 78.
[46] Караңыз: Kitapçı, 74-75.
[47] Караңыз: Kitapçı, 166.
[48] Караңыз: Kitapçı, 166.

күмбөзү мусулмандар тарабынан ыйык жерлерден эсептелүүсү жанан Аз. Осмодун уулу Саиптин мазарынан болгондугуна ишенүү мусулман баатырларын кызыктыруучу аймакка айланган[49].

Алгач ислам динин Туркистан чөлкөмүндө дин менен маданияттын биримдигин камсыз кылган[50]. Түрктөрдүн бир динге ишенип, ынтымактуу улут болушунун себеби кылымдар бою жашаган күчтүү мамлекет түзүүлөрү,ислам дининин жардамы аркылуу болгон[51]. Зеки Велиди Тоган, түрктөрдүн исламга кирүүлөрү тууралуу мындайча сүрөттөгөн: "Түрктөрдүн ислам динине кирүүлөрү ислам тарыхында жана дүйнөлүк тарыхта да өтө маанилүү доор болуп эсептелет. Анткени аны менен бирге исламдын дүйнөлүк дин катары жашоосу тикедентике кабыл кылынган[52]. Замандаш ойчулдардын Рассаниида ушул чындыкты тастыктайт: "Дүйнөлүк тарыхта түрктөрдүн исламдашуусу алгач маанисиз деп эсептелген, бирок мынчалык таасирдүү окуя тарыхта болуп көрбөгөн. Ушундай тарыхый окуянын башталгычы, арап мамалекетин тереңинен зыянга учуратты. Акырындап чыгыш халипатынын көркөмдүү кооз сарайы кулады"[53]. Жалаң гана казаттан турбаган, мезгил-мезгил менен кудайдын буйругу тууралуу адамдар арасында адилеттүүлүктү орнотуу жанан Жаңы-Дүйнө системасын түзүү максатындагы согуштар[54], Түрктөрдүн исламдашуусунун кийин өрнөктүү түрк өкүмдарлыгына айланган.

Түрктөр исламга эң көп маани берген, "мекен сүйүүсү ыймандан" деп айтылган формула катары мекен сүйүүсүнүн эң сонун үлгүсүн көрсөтө алган калк. Жахыз (Өлүмү 869), бул тууралуу бизге төмөнкүлөрдү калтырууда: "Мекен сүйүүсү бардык адамдарга таандык туюм. Бирок бул сезим түрк элдерине жогорку деңгээлде бааланууда жана өкүм сүрүүдө. Кутейба бин Муслим мындай деген: "Түрктөр мекендерине сүйүүсү артып аны коргоо үчүн тырышышкан. Түрктөрдү башка улуттардан жогору туткан жумушчулар алардын мекенин сүйүү сезиминин жогорулашы жана мекен сүйүүсүнүн маңызын толук биле алышпаган[55].

Түрктөр исламды дин катарында кабыл алгандан кийин анын принциптерин жашоонун шартына айлантышкан. Исламды толугу менен өздөрүнүн каалоолору боюнча кабыл алууларына байланышкан убакыт үч кылымды камтыган. Бирок мындан кийинки ислам дүйнөсүнүн бир гана өкүмдары, аны дүйнөнүн ар кандай жерлерине жеткизген жана кылымдар бою ислам динин коргогон да түрктөр болгон. Башкача айтканда, түрктөрдүн мусулман болушунда, араптардын Түркистанга келүүсүндө терс көрүнүштөр бар. Арап аскер башчылары түрк дүйнөсүнө болгон казаттарында аларды исламдаштырышпастан, аймактагы ар түрдүү байлыктардан пайдаланышкан. Бул көрүнүш Эмевий арап империясынын саясий жортуулу катарында тарыхка жазылган. Бирок мындан кийин мусулман түрктөр, алгач өздөрүнө исламды алып келген араптардын башкаруусун алган эмес, арап дүйнөсүндө да так өкүмдарлыкты өз колдоруна алышып, башка дин жана мамлекеттерге каршы

[49] Караңыз: Kitapçı, 158.
[50] Караңыз: Kitapçı, 75.
[51] Караңыз: Togan, 80.
[52] Караңыз: Togan, 76.
[53] Караңыз: Rasonyi, 158.
[54] Караңыз: Nevzat Köseoğlu, Türk Dünyası Tarihi ve Türk Medeniyeti Üzerine Düşünceler, İstanbul 1996, 46.
[55] Караңыз: Togan, 106.

аны коргоо милдетин да өз моюндарына алышкан. Ошентип арап жарым аралында жана араптардын арасында пайда болгон ислам, убакыт өткөн сайын ислам дегенде түрктөрдү, түрктөр дегенде исламды түшүнгөн деңгээлге жетти.

Түрктөрдүн айрыкча Селжуктар доорунда дүйнөдө жана ислам өлкөлөрүнүн арасындагы өзгөчө белгилүү өкүмдарлыгы Туркистандын түндүгүнөн келген монгол жортуулдары менен бытырандылыкка учураган. Бул иш аракеттер, Чыңгыз хандын башчылыгында күтүлбөгөндөй өнүгүүнү көрсөткөн жана ислам дүйнөсүндө болуу менен көптөгөн жерлерди басып алып, өкүмдарлыгын жүргүзгөн. Анын тарыхый жана саясий өнүгүү жолунда ислам дүйнөсү ар түрдүү тоскоолдуктарды көрсөткөндүгү жөнүндө сөз кылуу пайдалуу. Бул темада окумуштуулардын улуттук жана саясий аныктоолору монгол аракеттеринин түрдүүчө чечмелениш себеп болгон.

Чыңгыз хана жана уулдары, Батыш Туркистандын басып алгандан кийин ал жерлердеги, Харасандагы жана көп шаарлардагы мусулман калкты чыгышка карай көчүүгө мажбур кылган. Алар Башбалыктан баштап Ханбалыкка (Пекин) чейинки түндүк кытай аймактарына отурукташкан[56].

Рассония монгол баскынчылыгын мындайча далилдөөдө: "Кыска убакыттын ичиндеги түрк маданиятынын өнүгүшү кыйроого учурады, жаш шаарлардын өнүгүү жолу белинен сынды. Түрктөрдүн 2 уулу, ар тараптуу маданияттуу уруу катарында өнүгүүнүн жолунда болду. Ислам дүйнөсүндө саясий башкаруу түрктөрдүн колуна өткөн кезде руханий жактан жогорку жөндөмдүүлүктөрдү көрсөтүшкөн эле. Чыңгыз хандын мезгилинде дин жаатындагы иш-аракеттер жана жашоосунун акырына чейин маданияттын керектүүлүгүн сезүү жок болду. Соодагерликтеги жогорку жөндөмдүүлүккө ээ болгон мурунку көрүнүштөрдү жокко чыгаруу менен руханиятты сактаган бөлүктөрдү талкалады. Шаарларды, маданият очокторун өрттөдү. Ислам дүйнөсүндө түрктөрдүн Орто Азиядагы ээлеген орду катары эсептелип калды[57]. Чыңгыз жана кийинки окуялар тууралуу кимдир бирөөнүн калтырып кеткен маалыматтарына карганда, монголдордун империясынын мындай абалга келүүсү түрк жана ислам дүйнөсүнүн өтө чоң оң таасирлерин тийгендиги менен түшүндүрүлүүдө. Бирок бул мезгил эч кандай пайдалуу нерселердин болбогондугу баарыбызга белгилүү. Башкача айтканда, кубаттуу маданиятка ээ болгон монголдордон Кытай тарапка баргандар Буддист болгондой, башка жерлерге кеткендер жетекчи болгонуна карабастан исламга киришкен. Алар тил жана маданият жагынан жергиликтүү калкка баш ийишкен. Ар кандай окуяларга бир жактуу караганыбызда, дүйнөнү титиреткен монголдордун иш аракеттеринин борборунда түрк бөлүктөрүнүн болгондугу көрүнөт. Бирок Чыңгыз хандын мамлекетинде калктын көпчүлүгүнүн 3|4 бөлүгүн монголдор эмес, түрктөрдүн түзгөндүгү белгилүү[58].

Монгол баскынчылыгына түрк дүйнөсү тарабынан карасак, Монголдордун түрк калк жетекчилерине карата жаңы иш аракеттерди жүргүзгөндүгү көрүлүүдө[59]. Бул чоң окуялар исламдашууда түрдүү көрүнүштөрдү туудурган. Айылдык мусулман жетекчилердин өзүнүн мамлекеттеринен узак жерлерге сүргүнгө айдалышы же зордоо менен

---

[56] Караңыз: Togan, 119.
[57] Караңыз: Rasonyi, 181.
[58] Караңыз: Rasonyi, 185.
[59] Караңыз: Rasonyi, 181.

көчүрүлүүсүнүн себебинен алар барган жерлеринде диний ишеничин жана маданияттарын да өздөрү менен алып жүрүшкөн, таркатышкан.

Бир жактан Монгол империясынын ичинде исламдашуу жаатында чоң аракеттер жүргүзүлүп жатканда, башка тараптан мамлекеттик кызматкерлер жана аскерлер менен Батыш Туркистангажана Иранга жөнөтүлгөн көп сандагы уйгурлардын жардамы менен маданиятта чыныгы жанданууларды пайда кылган[60].

Зеки Велид Тогон монголдордун түрк дүйнөсүн басып алышына байланыштуу келип чыккан көрүнүштөрдү мындайча чечмелөөдө: "VII-XI кылымдарда араптардын кол астына өткөн алгачкы Азия маданиятынын Орто Азияга келиши, өтө тасирлүү болушуна карабастан, бул жерлерде Иран жана алгачкы Азия уруулары тарабынан бүтүндөй Ирандашуусуна тоскоол болбогон, бирок бул баскынчылык түрктөр жана монголдор тарабынан башталган "мекендешүү аракети" барган сайын кээ бир мүчүлүштөргө туш болгону түрктөргө маданият жана идеология жактан биримдикти камсыз кылуусу бул акыркы аракеттеринин так натыйжаларды беришине себеп болушкан"[61].

Түрктөр мусулман болгондон кийин өздөрүнүн арасындагы ички саясий бытырандылыктардан сырткары чыныгы тышкы күчтөргө карама-каршы чыгышкан эмес. XIII кылымдын башында Азиянын жана Ислам дүйнөсүнүн көпчүлүк бөлүгүнө таасирин тийгизген монгол баскынчылыгы Фергана өрөөнүнө да өз таасирин тийгизген эмес деп түшүнүүгө мүмкүн эмес. Саясий жана жетекчилик мүмкүнчүлүгүн жоготкон түрктөр башка динге сыйынган монголдордун мусулман болушуна өтө чоң таасир кылышкан.

---

[60] Караңыз: Togan, 120-133.
[61] Караңыз: Togan, 80.